**5.6 Негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу**

Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. 1 академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар. Академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт чегинде белгиленет.

Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн сыйымдуулугу академиялык ECTS кредиттер менен белгиленет. ОКББ НКББПнын күндүзгү окуу формасына жылдык эмгек сыйымуулугу 60 кредит жана семестрдеги эмгек сыйымдуулугу 30 кредит.

Билим берүү уюму тиешелүү профилдеги орто кесиптик билимге же жогорку кесиптик билимге ээ адамдарга мурдагы билимдерин жана окутуунун  натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берет. Мурунку өздөштүргөн айрым дисциплиналарды жана/же жумуш ордунда окутуунун айрым түрлөрү боюнча окутуунун натыйжаларын толугу менен же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун (кайра зачеттоонун) жыйынтыгы менен аныктайт.

Орто кесиптик билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүү программасын ишке ашырууда (10 жана11-класстардын программасын) жалпы орто билим жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, колледжде окутулган жалпы орто билим жөнүндө баалар орто кесиптик билим берүү жөнүндөгү документке (дипломго) жазылат.